**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ, ЭКОЛОГИИ И ТЕХНИЧЕСКОГО НАДЗОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

_______________

№_____________ г. Бишкек

## Кыргыз Республикасынын өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын туристтик-рекреациялык сыйымдуулугун аныктоонун усулдук колдонмосун бекитүү жөнүндө

“Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында (мындан ары – ӨКЖА) туристтик жана рекреациялык иштерди пландаштырууга жана жөнгө салууга бирдиктүү илимий негизделген мамилени киргизүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Мамлекеттик органдардын укуктук мүнөзгө ээ актыларын кабыл алуу тартибин жөнүндө” 2025-жылдын 4-июнундагы №319 токтомун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын туристтик-рекреациялык сыйымдуулугун аныктоонун усулдук колдонмосу (мындан ары – Усулдук колдонмо) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Усулдук колдонмо Кыргыз Республикасынын ӨКЖАларын башкарууну жүзөгө ашыруучу бардык мамлекеттик мекемелер үчүн, алардын категориясына карабастан, колдонууга милдеттүү деп белгиленсин.
3. ӨКЖАнын туристтик-рекреациялык сыйымдуулугун аныктоо төмөнкү учурларда жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин:

– туристтик жана рекреациялык иштерди пландаштырууда жана уюштурууда;

– ӨКЖАнын функционалдык зоналаштыруусун иштеп чыгууда жана өзгөртүүдө;

– пландаштырылган токой жайгаштыруу жана башка илимий негизделген иштерди жүргүзүүдө;

– ӨКЖАда экологиялык туризмди өнүктүрүү программаларын жана пландарын иштеп чыгууда.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

4. Санариптештирүү башкармалыгы бул буйрук кабыл алынган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Министрликтин сайтына анын расмий жарыяланышын камсыз кылсын:

5. Биоресурстар жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары башкармалыгы ушул буйрук кабыл алынган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде анын электрондук көчүрмөсүн Укук маалыматтарынын борбордоштурулган банкына киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүүнү камсыз кылсын.

6. Биотүрдүүлүктү сактоо жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары департаменти:

– Усулдук колдонмону ишке киргизүүнү жана консультациялык коштоону (Усулдук колдонмо боюнча ӨКЖАларда окутууларды өткөрүү ж.б.) камсыз кылсын;

– туристтик-рекреациялык сыйымдуулуктун белгиленген көрсөткүчтөрүнүн сакталышына мониторинг жүргүзсүн;

– зарыл болгон учурда Усулдук колдонмону актуалдаштыруу боюнча сунуштарды киргизсин.

7. Кыргыз Республикасынын ӨКЖА субъекттеринин жетекчилери:

– Усулдук колдонмону киргизүүнү жана практикалык колдонууну камсыз кылсын;

– ӨКЖАга кирүүчүлөрдү кабыл алуу ишинде туристтик-рекреациялык сыйымдуулукту аныктоонун жыйынтыктарын эске алсын;

– рекреациялык жүктүн белгиленген көрсөткүчтөрүнүн сакталышын камсыз кылсын.

8. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары А.М. Мусаевге жүктөлсүн.

9. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

---

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**Об утверждении Методики определения туристическо-рекреационной ёмкости особо охраняемых природных территорий Кыргызской Республики**

В целях внедрения единого научно обоснованного подхода к планированию и регулированию туристической и рекреационной деятельности в особо охраняемых природных территориях (далее – ООПТ) в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об особо охраняемых природных территориях», руководствуясь постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О порядке принятия нормативных правовых актов государственных органов» от 4 июня 2025 года № 319, **приказываю:**

1. Утвердить Методическое руководство по определению туристско-рекреационной ёмкости особо охраняемых природных территорий Кыргызской Республики (далее – Методика) согласно приложению.

2. Установить, что Методика является обязательной для применения всеми государственными учреждениями, осуществляющими управление ООПТ Кыргызской Республики, независимо от их категории.

3. Установить, что расчёт определение туристическо-рекреационной ёмкости ООПТ осуществляется:

– при планировании и организации туристической и рекреационной деятельности;

– при разработке и корректировке функционального зонирования ООПТ;

– в ходе проведения плановых лесоустроительных и иных научно-обоснованных работ;

– при разработке программ и планов развития экологического туризма на ООПТ.

4. Управлению цифровизации обеспечить в течение трех рабочих дней со дня принятия настоящего приказа официальное опубликование его на сайте Министерства.

5. Управлению биоресурсов и особо охраняемых природных территорий в течение семи рабочих дней со дня принятия настоящего приказа обеспечить направление его электронной весрии в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Централизованный банк данных правовой информации.

6. Департаменту сохранения биоразнообразия и особо охраняемых природных территорий при МПРЭТН Кыргызской Республики:

– осуществлять внедрение и консультативное сопровождение Методического руководства (проведение обучения в ООПТ по применению Методического руководства);

– проводить мониторинг соблюдения установленных показателей туристско-рекреационной ёмкости;

– при необходимости вносить предложения по актуализации Методического руководства.

7. Руководителям субъектов ООПТ Кыргызской Республики:

– обеспечить внедрение и практическое применение Методического руководства;

– учитывать в своей работе по приему посетителей ООПТ результаты определения туристско-рекреационной ёмкости;

– обеспечивать соблюдение установленных показателей рекреационной нагрузки.

8. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра А.М. Мусаева.

9. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Министр** **А.Т. Токтобаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН